# Алымбек Датка жана Курманжан Датка

Мына Курманжан датка жылы да жыйынтыкталып бара жатат. Элибизде "Баарын коюп бирин айт" деген сөз бар. Ошол сыңары Алымбек датка менен Курманжан датка жөнүндө сөз болгондо, жашыруун эмес, кээде ачык айтылып, кээде ачык айтылбай эл арасын бир кыжаалат ой - пикир аралап жүрөт. Айтылган ой азыркы күндө да сакталууда. Бул, эмне үчүн Курманжан датка жөнүндө көп айтылып, Алымбек датка жөнүндө аз айтылат, Курманжан даткага көп көңүл бурулуп, Алымбек даткага анчейин көңүл бурулбайт? Алымбек датка болбосо, Курманжан кантип мындай деңгээлге чыкмак эле? деген маселе. Ушул маселе боюнча биз да окурмандар менен ой бөлүшүүнү туура чечтик.

Бул коюлган маселенин туура жагы да, туура эмес жагы да бар. Туура жагы, ооба, Курманжан датканын Курманжан датка болушунда, анын бийлик сересине көтөрүлүшүндө Алымбек датканын ролу чоң. Бул талашсыз маселе. Бирок бул жерде маселени кененирээк коюу зарыл. Курманжан датканын даанышман башкаруучу, саясатчы, дипломат, кыскасы азыркы биз билгендей деңгээлге көтөрүлүшүнө кайсы факторлор таасир эткен? дегендей. Андай факторлор бир нече. Бирок ошолордун ичинен өзөктүүсү, негизгилеринин бири - албетте, бул Алымбек датка фактору.

Туура эмес жагы, мындай маселенин коюлушунун туура эмес жагы - бул Курман- Мына ушул фактор дагы, анын азыркы биз билген бийиктиктеги Курманжан датка болушунда чоң роль ойногон фактор болгон. Курманжан датка Алымбек датканын биринчи, жалгыз аялы болгон эмес да. Ага чейин Алымбек датканын аялы болгон, бирок, тилекке каршы ал энебиздин ысмы тарыхта белгисиз бойдон кала берди.

Эми Алымбек датка жөнүндө айтсак, Алымбек датка бул мезгилде салыштырмалуу жаш болгонуна карабастан, элибизде айтылгандай, айылына алымдуу, журтуна жугумдуу, калкына кадырлуу инсан болгон. Даанышмандыгынын, акыл көрөңгөсүнүн тереңдигинин, иш билгилигинин аркасы менен, ошол мезгилде күчтөнүп турган Кокон хандыгынын бийлик даражаларына ээ болуп, датка наамын алып, Анжиянга аким дайындалып, зоболосу жогорулап турган мезгили болгон. Ал (Алымбек датка - С.С.), каалаcа чекеден чертип, менмин деген сулуу кыздарга үйлөнсө болмок. Бирок, Алымбек датканын, Алымбек даткалыгы ушунда, анын бийиктиги ушунда, ал жөн эле төшөк жаңырткысы келген эмес, ага жөн эле бала төрөп, үй тиричилигин өткөргөн аял керек болбогон. Ага, анын акылына акыл кошкон, жан дүйнөсүнүн бөксө жерин толтурган, ишинде ишенимдүү кеңешчи боло ала турган, акыл көрөңгөсү менен анын деңгээлине жете барган аял керек болгон. Мына ушул сапаттарды Алымбек датка атабыз Курманжан даткадан көргөн, тапкан. Курманжан





бизди ордого алып барып, андагы бийик даражалуу адамдар менен тааныштырган, ошол чөйрөгө аралаштырган. Азыркы тил менен айтканда Алымбек датка жубайы Курманжанды ошол мезгилдин саясий элитасы, Кокон хандыгынын башкаруу чөйрөсүнө аралаштырган, кошкон. А бул болсо, Курманжандын мындай чөйрөгө аралашышы, анын башкаруучу, саясатчы, дипломат катары калыптанышына чоң өбөлгө жараткан. Тубаса тунук акылга ээ Курманжан дат-

жан датканы бири - биринен ажыратып, өз - өзүнчө кароо деги мүмкүн эмес. Булар бир бүтүн нерсе.

Совет доорунда девиз болгон: "Ленин дегенде партияны түшүнөбүз, партия дегенде Ленинди түшүнөбүз" - деген. Ошол сыяктуу биз: "Алымбек датка дегенде, Курманжан датканы, Курманжан датка дегенде Алымбек датканы түшүнүшүбүз" керек.

Алымбек датка менен Курманжан датка улуттун сыймыгы. Бул эки улуу инсан үй -

жан датканын жеке сапаттарына байланыштуу. Курманжан датка Алымбек даткага турмушка чыкканга чейин эле өз заманынын катардагы эле адамы болгон эмес. Ал өз бактысы үчүн күрөшкөн, турмушта өз жолун табууга умтулган, максаттуу чечкиндүү адам болгон. Жеке өзүнө мүнөздүү болгон сапаттары менен, аялзаттык асылзаада касиеттери менен замандаштарынан бир топ айырмаланып турган. Бул жерде албетте, үй-бүлөсүнүн тарбиясын эске алуу абзел.

датка энебизди ал өз сынынан өткөрүп, Курманжан датка анын сынына толуп, көңүлүнө төп келип, ал өзүнүн тандоосуна ишенип, ынанып, бардык шариат мыйзамдарын аткарып, (күйөөсүнөн башын бошотуп алып - С.С.) анан баш кошкон. Алымбек датка менен Курманжан датканын кийинки жашоо турмушундагы, ишмердүүлүгүндөгү тарыхый фактылар муну далилдеди.

1842-жылы саясий кырдаалдын оңтою келгенде Алымбек датка Курманжан эне-

кан. Түбаса тунук акылга ээ Курманжан датка күйөөсү Алымбек датканын ишенимин актаган.

1862-жылы Алымбек датка ордо кутумдарынын колунан каза тапканда, Курманжан энебиз аялмын деп моңкүрөбөй, опурталдуу, шум замандын катаал сыноолоруна туруштук берип, сырттандардай эки тизгин, бир чылбырды өз колуна алып, Алымбек датканын ишин улантып кеткен. Мыкты улантып кеткен деп айтсак болот. Мына ошондуктан Алымбек датка менен Курман-

улуттун сыймыгы. Бул эки улуу инсан үй-бүлө куруунун, аял менен эркектин ортосундагы аруулуктун, бала тарбиялоонун үлгүсү. Алымбек датка атабыздын, Курманжан датка энебиздин арбагы ыраазы болсун десек, азыркы күндө биз элибиздин ынтымагын, биримдигин сактап, улуттун ар - намысын баарынан бийик, баарынан ыйык тутушубуз маанилүү.

**Сыдык СМАДИЯРОВ,**
**ОшМУнун доценти**

# Курманжан Датканын ичиги




**Сүрөттө: Курманжан датканын урпагы Маширап Аматов**

Курманжан датка кыраакы дипломат, көсөм жол башкаруучу, иш билги аялзаты гана болбостон, колунан көөрү төгүлгөн уз болгону да айтылып жүрөт. Датканын сый кийимдеринин бири болгон ичиги учурда урпактарынын бири, 80 жаштагы карыя Маширап Аматовдун колунда сакталуу. Бул ичикти датка энебиз эчен жыл такай кийип, Ооган жеринде бейажал өткөн уулу Абдылдабектин кызы Азимбүбүнүн себине кошуп берген. Энесинин бул тарбигин Азимбүбү өтө кастарлап, келини Жорокул кызы Айнусага тартуулаптыр. Аны Айнуса ичикти ошол бойдон бүлүнтпөй сактап, небереси Маширапка тартуу кылган экен. Азыр деле бул аземдүү кийим сынын жоготпой, күнү бүгүнкүдөй сакталып турат. Датканын урпактарынын колунан өтүп келген бул ичиктин тигилгенине 170 жылга чукулдап калыптыр.

Ичик карышкырдын кулак, бучкак терилеринен тигилип, жээги кундуздун териси менен беренделген, этеги атлестин шайысынан кыйылган, сырты Бухаранын сатининен тышталып, кокондун жибек жүнүнөн тигилген. Бул ичикти качан, ким тиккени белгисиз,



бирок, аны датка эне өзү тиккени тууралуу да айтылып жүрөт.